Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына «Башат» усулдук бирикмесинин ментору Ж.Кенжебаеванын жазган текстуалдык отчету.

«Башат» усулдук бирикмесинде жалпы төрт мугалим эмгектенет. Анын ичинен үчөө жогорку билимдүү, бирөө атайын орто билим менен эмгектенишет.  Усулдук бирикменин мугалимдери ар бир берилген тапшырмаларды чыгармачылык, изденүү менен жогорку деңгээлде жоопкерчилик менен аткарууга аракеттенишет. Түзүлгөн жана мектеп администрациясы тарабынан берилген тапшырмаларды өзгөчө чеберчилик менен кабыл алып, аткарууга алышат. Мектептеги коомдук иштерде өздөрүнүн активдүүлүгүн көрсөтүп келишет.

«Башат» усулдук бирикмесинин жылдык планы окуу жылынын башында окуу бөлүмүнүн башчысы жана усулдук бирикменин ментору тарабынан түзүлүп бекитилген. Айлык план дар өз учуру менен бекитилип, убагында иштер жүргүзүлүп келди.

Сентябрь айында аткарылган иштер:

*Усулдук бирикменин мугалимдеринин курамы түзүлүп, бекитилген

*Мугалимдердин окуу пландары толук түзүлүп, бекитилген

*Мамлекеттик тил күнүнө карата окуу кааналарга бурчтар уюштурулду.1-класстын мугалими Рахат Биримкулова классы менен линейкада тил тууралуу кызыктуу маалыматтарды айттырды. 2-класстын мугалими Кутман Ибраимов жана 3-класстын мугалими Уланбек Данияров тил жөнүндөгү ырларды көркөм айттырууга жетишти.

Октябрь айында аткарылган иштер:

*4-класстын билим сапатын текшерүү.Мугалими:Б.Курманалиева.  Математика сабагынан текшерүү иши пландап жыйынтыгы чыгарылды. «5»-жок, «4»-6, «3»-5, «2»-3 деген баалар коюлуп билим сапаты 38 % ды түздү. Кыргыз тили сабагынан жат жазуу жаздырылып,»5»-2, «4»-4, «3»-6, «2»-1 деген баалар коюлуп, билим сапат 46% түздү. Адабий окуу сабагынан окуу техникасы текшерилди. Окуучулардын көбү нормага ылайык окуйт. Айрым талапка жооп бербеген окуучуларга эскертүү берилди.

*Жумалык иш чара өтүү. Жооптуу 2-класстын мугалими К.Ибраимов- ден соолугуна байланыштуу оорукана барагына кетип, жумалык өтүлгөн жок.

*Сабакка катышуу менен анализ жазуу-3-класстын мугалими Р.Даниякровдун сабагына катышып ментору тарабынан анализ жазылды.Сабак учурунда кетирилген айрым кемчиликтер, окуучулардын дептер, кундолукторунун текшерилиши, сабактын структурасынын сакталышы боюнча мугалим менен ментордун ортосунда кайтарым байланыш жүргүзүлдү

*Энелер мектебинин планын түзүү-усулдук бирикменин мугалимдери тарабынан жыйналыш өтүлүп, планы түзүлдү.

Ноябрь айында аткарылган иштер:

*Окуучулардын билим сапатын текшерүү.3-класс, мугалими:Р.Данияров. Билим сапат ментор тарабынан текшерилип, жазуу иштери алынды. Математика сабагынан текшерүү

иши алынды.»5»-1; «4»-4; «3»-3; «2»-4 деген баалар коюлуп, билим сапаты 38%ды берди.Кыргыз тили сабагынан жат жазуу жаздырылып, «5»- жок, «4»-3; «3»-6, «2»-3 окуучу бааланып, билим сапат 26% берди. Адабий окуу сабагынан окуу техникасы текшерилди.Бардык окуучулар талапка ылайык окушат, түшүнүктөрүн айтышат. Жетишпеген айрым окуусулар менен көбүрөөк иштөө сунушу айтылды

*Жумалык иш чара өтүү 4-класстын мугалими:Б.Курманалиева. Жумалык «Алтын күз» деп аталып жогорку деңгээлде өттү. 22.11.2021-жумалыктын ачылышы, күз жөнүндө көркөм ырлар айтылды.23.11.2021. «Алтын күз» жарманкеси -математика, кыргыз тили, адабий окуу сабагынан суроо-жооп-викторина уюштурулду. 24.11.2021. «Ким миллионер болгусу келет» викторина . 25.11.2021.Адабий окуу сабагынан «Бир кап алма» көрсөтмөлүү ачык сабак өттү. 26.11.2021. жумалыктын жабылышы. «Акыл ордо» интеллектуалдык конкурс менен жыйынтыкталды.

*Сабакка катышуу менен анализ жазуу- 4-класстын мугалими Б.Курманалиеванын сабагына катышып, анализ берилди. Сабактын жүрүшү каралып, дептерлери, кундолуктору текшерилди. Мугалим менен ментордун ортосунда кайтарым байланыш жүргүзүлдү.

* Мектеп ичинде олимпиада өтүү. Олимпиаданын суроолору «Кенгуру» жана «Билимкана» боюнча түзүлүп, 2-3-4-класстарынын окуучулары арасында өткөрүлүп, жыйынтыгы чыгарылды. 2-класс Эсенов А. 7балл. 3-класс Русланбеков Ө 6 балл. 4-класс Жумакадырова А. 6 балл менен алдыга чыгышты

Декабрь айында аткарылган иштер:

- Окуучулардын билим сапатын текшерүү. 2-класс. Мугалими К.Ибраимов. Адабий окуу сабагынан окуу техникасы текшерилди.Бардык окуучулар талапка ылайык окушат, түшүнүгүн айтышат, муундап, шар окушат. Кыргыз тили сабагынан жат жазуу жаздырылып, «5»-2, «4»-2, «3»-2, «2»-2 деген баалар коюлуп, билим сапат 50% ды түздү.
- Сабакка катышуу менен анализ берүү. 2-класс.мугалтмт К.Ибраимов. Ментор тарабынан сабагына анализ жазылды. Дептерлери, кундолуктору текшерилди, сабактын структурасынын сакталышы жана мугалимдин кемчиликтери, жетишкендиктери жөнүндө кайтарым байланыш жүргүзүлдү.
- Жумалык иш чара өтүү. 3-класмтын мугалими: Р.Данияров. Жумалыктын «Жаш балаты» деп атап, бир жума ичинде өз окуучулары менен биргеликте жетишкендиктерин көргөздү. Жумалыктын жүрүшүндө коргозмолуу ачык сабактар, ачык тарбиялык сааттар, конкурстар өткөрүлдү.
- Айтматов жумалыгын өтүү.Усулдук бирикменин мугалимдери тарабынан айылдык бала бакчага жана айыл тургундарына жүрүш уюштурулуп, 1-2-3-4-класстын окуучулары менен бирдикте театр-форум, жомок-сабак, көркөм окуу иш чаралары өткөрүлдү.
- Окуу кааналарга жаңы жабдуу киргизүү- каана башчысы менен бирдикте окуу кааналардын тазалыгы, туура жабдылышы каралып, жаңы жабдуулар менен толукталды

Январь айында аткарылган иштер:

- Усулдук бирикме жетекчилери менен бирдикте методикалык күн өткөрүү.»Башат» усулдук бирикмесинин ментору Р.Биримкулова «Тез окуу» курсунан алган

билимдерин мектептин жалпы жамааты менен бөлүштү. Иштин жүрүшүндө сабак учурунда колдонулуучу ыкмалар, мотивациялык оюндар, көнүгүүлөр менен иш тажрыйбасынан болушту.

- Биринчи жарым жылдык боюнча 2-4-класстардын жазуу иштеринин нормативдерин карап чыгуу. 2-класстын жазуу иштери туура берилет, текшерүү нормативдерин туура бааланат, кол жазмасына көңүл бөлүү керек сунушу айтылды.мугалими:К.Ибраимов. 3-класстын жазуу иштери жеңилдетип берилет, баалоо критерийлери бир аз көтөрүлүп коюлат,кол жазмаларында көңүл буруу керек сунушу айтылды.мугалими Р.Данияров. 4-класстын жазуу иштери талапка ылайык берилет, жазуу иштери норматив менен текшерилип, окуучулардын иши туура бааланат, кол жазмалары таза, тыкан эрежеси менен жазышат.

Февраль айында аткарылган иштер:

Эң көп жана эң аз билим сапат көргөзгөн класстардан СРЕЗ анализ алуу. 4-класстын Мекен таануу сабагынан эң көп сапат көргөзгөн. Ментор тарабынан тест түзүлүп билим сапаты кайрадан текшерилди. Жыйынтыгында тесттер текшерилип, 76% берди. Эң аз алган 3-класстын математика сабагынан текшерүү иши алынып текшерилди. 57%менен жыйынтыгы чыкты.

- Жумалык иш чара өтүү.2-класстын мугалими К Ибраимов. Жумалык жогорку деңгээлде уюштурулду.Жумалыкта математика сабагы боюнча «Мисал, маселе иштөө», көрсөтмөлүү ачык сабак, «Сылыктык жана одонолук» деген темада ачык тарбиялык саат, «Акыл ордо» интеллектуалдык конкурс жана викторина сабактары өтүлүп жакшы жыйынтыкталды.
- 15 жылга чейинки стажысы бар мугалимдерди «Жыл мугалими» конкурсуна көрсөтүү.Усулдук бирикмеден К.Ибраимов жана С.Ашыркожоева көрсөтүлдү.

Март айында аткарылган иштер:

- Насаатчы менен жаш мугалимдин иш алып баруусунун жыйынтыгы. Март айында насаатчы мугалимдин ден соолугуна байланыштуу иш жүргүзүлгөн жок
- «Чыгармачыл мугалим» иш тажрыйба жайылтуу боюнча иш өтүлгөн жок
- Туу күнүнө карата иш-чара өтуу. Усулдук бирикменин мугалимдери тарабынан видео слайд жасалып, окуучулар жана мугалимдер арасында суроо-жооп жүргүзүлдү. Линейка формасында иш чара өтүлүп окуучуларга кеңири маалымат жеткирилди.
- 2-3-4-класмтардын билим сапатын текшерүү. Билим сапат жазуу иштери боюнча алынып төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды. 1-класс текшерүү иши 55%, жат жазуу 86%, алиппеден бардык окуучулар тамга тааныйт, муундап, шар окушат. 2-класс текшерүү иши 73%, жат жазуу 90%, адабий окуудан бардыгы шар окушат, түшүнүгүн айтышат. 3-класс текшерүү иши 87%, жат жазуу 76%, адабий окуудан муундар шар окушат, түшүнүгүн айтышат. 4-класс текшерүү иши 64%, жат жазуу 92% адабий окуудан шар окушат түшүнүгүн айтышат.

Апрель айында аткарылган иштер:

- Энелер мектеби боюнча иш жүргүзүү жана 23-апрель китеп күнүнө карата иш чара өтүү. Эки иш чара бириктирилип жогорку деңгээлде иш жүргүзүлдү. Китеп менин байлыгым аталышында ата-энелер менен окуучулар арасында кызыктуу таймаш өткөрүлдү. Таймашта 4тапшырма берилди. 1. Өздөрүн тааныштыруу-блиц анкета

убакыт чектелүү.2.Сөз куроо спорттук мелдеш формасында.3. Ачык асман алдында китеп окуу минутасы. 4. Ырдап көнүгүү жасайбыз оюну. Иш чаранын жыйынтыгында усулдук бирикменин мугалимдеринин демөөрчүлүну астында жеңүүчүлөргө жана катышуучуларга китептер белекке берилди.

Май айында аткарылган иштер:

- 4-класстын окуучуларын жогорку класска көчүрүү экзаменин уюштуруу. Мугалими Б.Курманалиева. Комиссия түзүлүп математика сабагынан жана Кыргыз тили, адабий окуу сабагынан экзамен беришти.Математика сабагынан А.Касмалиева оозеки суроо-жооп аркылуу экзамен аллы. Кыргыз тили сабагынан М.Кара артов жат жазуу жаздырып, тест менен иштешти. Адабий окуу сабагынан минутага окуу каралып түшүнүгү суралды. Экзаменин жыйынтыгы менен протокол түзүлдү. 4-класстан жогорку класска көчүрүү протоколу менен жыйынтыкталды.
- Жылдын мыктыларын сыйлыкка көргөзүү ментор тарабынан жыл жыйынтыгы каралып, 1-класстын мугалими Р.Биримкулова жылдын мугалими сыйлыгына көрсөтүү сунушу мектеп администрациясына сунушталды.

Ментор: Ж.Кенжебаева